№ 3990-ФХД/22 28.09.2022

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Ош шаары

**БУЙРУК**

ОшМУнун Административдик кеңешиндеги (2022-жылдын 23-сентябрындагы №3 протокол) ар түрдүү маселелерге кирген Ош мамлекеттик университетинин №6 бюллетенинин аталышын Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамы аткарган окуу жүктөмдөрүнүн көлөмүн пландаштыруу жана эсепке алуу убакыт ченемдери жөнүндөгү Жобо деп өзгөртүп, толуктоолор менен кайрадан бекитүү жөнүндөгү маселе боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам:**

Ош мамлекеттик университетинин №6 бюллетенинин аталышы Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамы аткарган окуу жүктөмдөрүнүн көлөмүн пландаштыруу жана эсепке алуу убакыт ченемдери жөнүндөгү Жобо деп өзгөртүлүп, толуктоолор менен кайрадан бекитилсин.

***Негиз:*** *окумуштуу катчынын билдирүүсү, ректордун визасы*

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К.Г. Кожобеков**

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН ЭЛЕКТРОННОЙ ПОДПИСЬЮ
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

# Лист согласования
## №6 бюллетеньге өзгөртүү киргизүү б-ча
## № 3990-ФХД/22 от 28-09-2022

**Описание: №6 бюллетеньге өзгөртүү киргизүү б-ча**

**Инициатор: Асанбекова Джамиля Жекшеналиевна**

**Предмет согласования:**

**Приказ "№6 бюллетеньге өзгөртүү киргизүү б-ча (№ 3990-ФХД/22 от 28-09-2022)"**

| № | ФИО | Должность | Результат | Дата | Примечание |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Асанбекова Джамиля Жекшеналиевна | Ученый секретарь (Ректорат) | Согласован | 28-09-2022 | |
| 2 | Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич | Ректор (Ректорат) | Утвержден | 28-09-2022 | |
| 3 | Абдаким кызы Акылай | Инспектор (Научно-исследовательская кафедра) | Ознакомлен | 29-09-2022 | |
| 4 | Атабаев Ибрагим Насырович | Заведующий отделом (Окуу бөлүмү) | Ознакомлен | 29-09-2022 | |

29 сентября 2022 г.

Ош мамлекеттик университетинин
профессордук-окутуучулук курамы
аткарган окуу жүктөмдөрүнүн
көлөмүн пландаштыруу жана эсепке алуу

# УБАКЫТ ЧЕНЕМДЕРИ

жөнүндөгү
ЖОБО

ОшМУ

Ош мамлекеттик университетинин №6 бюллетени.
Окуу жүктөмдөрү жана аларды пландоо нормалары жөнүндө жобо. – Ош: Ош МУ. Билим, 2011. – 8 б.
ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинин 2011-жылдын 11-июлундагы №35 жыйынында кабыл алынган жана ОшМУнун ректорунун 2011-жылдын 13-июлундагы №277 буйругу менен бекитилген жобого тиешелүү толуктоолор, түзөтүүлөр кийрилип, ОшМУнун Административдик кеңешинин 2020-жылдын 28-августундагы №1 жыйынынын чечиминин негизинде 2-басылышы (№85-ФХД буйрук. 04.09.2020-ж.).
ОшМУнун Административдик кеңешинин 2022-жылдын 23-сентябрындагы №3 жыйынында каралган Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамы аткарган окуу жүктөмдөрүнүн көлөмүн пландаштыруу жана эсепке алуу **УБАКЫТ ЧЕНЕМДЕРИ** жөнүндө **ЖОБО,** 3-басылышы.

Бюллетенде окуу жүктөмдөрү жана аларды пландоо нормалары жөнүндө жоболор камтылган.

Бюллетень профессордук-окутуучулук курам, кафедра башчылары, факультеттердин декандары жана структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилери үчүн окуу жүктөмдөрдү пландоодо пайдаланууга сунушталат.

© Ош мамлекеттик университети, 2022

**МАЗМУНУ**


| | | |
|---|---|---|
| 1 | Жалпы жоболор ........................................................................................ | **4** |
| 2 | Окуу процессинин уюштуруудагы негизги бирдиктер.......................... | **7** |
| 3 | Окутуучунун окуу иштери боюнча окуу жүгүнүн пландоо нормалары ........................................................................................... | **8** |
| 4 | Окуу жүктөмдөрдүн пландоо негиздери ................................................. | **11** |
| 5 | Окуу жүктөмдөрдү пландоо жана бөлүштүрүү ..................................... | **12** |

**ОКУУ ЖҮКТӨМДӨРҮ ЖАНА АЛАРДЫ ПЛАНДОО НОРМАЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1.1 Окуу жүктөмдөрү жана аларды пландоо нормалары Ош мамлекеттик университетинде (мындан ары ОшМУ) окуу процессин уюштуруунун, профессордук-окутуучулук курамдын (мындан ары окутуучу) штаттык жадыбалын, окутуучулардын окуу жүктөмүнүн өлчөмүн аныктоонун негизин түзөт.

Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамы аткарган окуу жүктөмдөрүнүн көлөмүн пландаштыруу жана эсепке алуу убакыт нормалары төмөнкүлөргө ылайык иштелип чыккан:

- "Билим берүү жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын 30.04.2003-ж. №92 мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Билим берүү уюмдарындагы педагогикалык кызматкерлердин жумуш убактысынын узактыгын ( эмгек акысынын ставкасы үчүн педагогикалык ишитн саат менен алынган ченеми) белгилөө жөнүндөгү" 01.08.2006-жылдагы №549 токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Кыргыз Республикасында билим берүү ишин лицензиялоонун тартиби жөнүндө убактылуу жобону бекитүү тууралуу" 23.06.2018-жылдагы №334 токтому;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин "Билим берүү системасынын кызматкерлеринин педагогикалык жана айрым категорияларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндөгү" 2022-жылдын 30-мартындагы №181 токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Айкалыштырып иштегендердин эмгегин жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө ЖОБО" 14.03.2000-жылдагы №135 токтому;
- Кыргыз Республикасынын ББжИ министрлигинин “Об утверждении нормативных документов по применению кредитной технологии обучения в вузах Кырзызской Республики” (буйрук расмий тилинде) 2009-жылдын 06-августтан №824/1;
- Ош мамлекеттик университетинин Уставы жана КРдин Жогорку окуу жайларында билим берүү ишин жөнгө салуучу башка ченемдик-укуктук документтер;
- ОшМУнун жамааттык келишими;
- Мөөнөттүү эмгек келишими;
- ОшМУнун ички тартип эрежелери жана башка ченемдик-укуктук актылары;
- Ош МУнун №2-бюллетени. – Ош: Ош МУ, 2007;
- Ош МУнун №3-бюллетени. – Ош: Ош МУ, 2007.

1.2. Окуу жүктөмүн пландаштыруу жана эсепке алуу убактысынын ушул ченемдери профессордук-окутуучулук курамдын эмгегин уюштурууда негиз болуп саналат жана окутуучулардын эмгегин сарамжалдуу пайдалануу жана анын жогорку сапатын камсыз кылуу максатында иштин ар кандай түрлөрүн профессордук-окутуучулук курамдын ортосунда бөлүштүрүү максатын коет.
1.3. Жекече иш-план профессордук-окутуучулук курамдын ишин уюштурууну аныктоочу негизги документ болуп эсептелет жана кафедранын отурумунда бекитилет. Жекече иш-планда пландаштырылган иштердин аткарылышына окутуучу жана окутуучулардын пландарын бекиткен кафедра башчысы жооп берет. Кафедра башчысынын жекече иш-планын факультеттин деканы бекитет. Кафедра башчысы окуу семестринин аягында окуу бөлүмүнө ар бир жарым жыл үчүн жекече иш-пландар боюнча жүктөмдүн аткарылышы боюнча отчет берет.
1.4. ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамы үчүн жумуш убактысынын узактыгы жумасына 36 саат эсептелет жана КРдин Эмгек кодекси, ОшМУнун Уставы, жамааттык келишим, эмгек келишими (контракт), ички эмгек тартибинин эрежелери, 6 сааттык жумуш күнүнүн чегинде, ошондой эле окутуучунун жекече иш-планы жана сабактардын жадыбалы менен жөнгө салынат.
1.5. Профессордук-окутуучулук курамдын иш убактысынын жалпы жылдык фонду орточо 1500 саат болуп саналат. Кредит системасын пайдалануу менен иштеген профессордук-окутуучулук курамдын окуу жүгү ЖКББ үчүн окуу жылына 850 саатка чейин, ОКББ үчүн 720 саатка чейинки өлчөм белгиленет. Жумуш убактысынын жылдык бюджетинин белгиленген чегинде, 6 сааттык жумуш күнүнө жараша окутуучулук курам үчүн ээлеген кызматына жана кафедранын жылдык иш планына ылайык окуу, методикалык, илимий-изилдөө, тарбиялык жана башка иштердин бардык түрлөрүн аткарууга милдеттүү.
1.6. Штаттык профессордук-окутуучулук курамдын жылдык окуу жүгү 1,5 ставкадан жогору эмес жана 0,5 ставкадан кем эмес, ички жана тышкы айкалыштырып - университет менен профессордук-окутуучулук курамдын келишимине ылайык жана 0,5 ставкадан ашпоосу керек.
1.7. Жаңы окуу жылына пландаштырылган окуу жүктөмүнүн саат эсеби бекитилген окуу пландарынын жана студенттердин пландуу контингентинин негизинде окуу жылы башталганга чейин 5 күн мурда жүргүзүлөт. Кафедра башчысы окуу бөлүмүнө профессордук-окутуучулук курамдын окуу жылындагы окуу жүктөмүнүн аткарылышы жөнүндө эсеп-кысапты окуу процессинин графигине ылайык, бирок өргүү графиги башталгандан кечиктирбестен тапшырат.
1.8. Кафедранын штаттарын түзүүдө жана түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси тейлеген адистиги/багыты боюнча профессордук-окутуучулук курамдын сапаттык курамы контролдук лицензиялык ченемдерге туруштук берүүгө тийиш.
1.9. КР ББжИ министрлигинин лицензиялык талаптарына ылайык ЖКББ программаларынын дисциплиналарынын блоктору боюнча илимий даражалары жана/же илимий наамдары бар окутуучулар тарабынан лекциялар окулган сабактардын пайызы:

- Билим берүү программасынын (бакалавр, адис) ар бир цикли боюнча окутуучулардын жалпы санына карата илимий даражасы жана/же илимий наамы бар окутуучулардын үлүшү 40%дан кем эмес;
- Билим берүү программасынын (магистр) окутуучуларынын жалпы санына карата илимий даражасы жана/же илимий наамы бар окутуучулардын үлүшү 60%дан кем эмес;
- Аспирантура жана докторантура үчүн билим берүү программасынын окутуучуларынын жалпы санына илимий даражасы жана/же илимий наамы бар окутуучулардын үлүшү 90%дан кем эмес;

1.10. Окутуучунун бир ставкалык окуу жүктөмүн эсептөөгө төмөнкү ишмердүүлүктөргө сарпталган жумуш убактысынын нормалары кирет:

- *окуу иштери;*
- *окуу-усулдук иштери;*
- *илимий изилдөө иштери;*
- *уюштуруу- тарбиялык иштери;*
- *педагогикалык иштер.*

1.11. Кредиттик система боюнча профессордук-окутуучулук курамдын жылдык педагогикалык жүктөмүнүн жалпы көлөмү (1,0) төмөнкү таблица боюнча аныкталат:

| № | **Кызматтын аталышы** | **Окуу иштери үчүн** (саат/кредит) | **Башка иштердин бардык түрлөрү** (саат) | **Бардыгы** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Профессор (илимий даражасы бар) | 750 | 750 | 1500 |
| 2 | Профессор (илимий даражасы жок) | 750 | 750 | 1500 |
| 3 | Доцент жана улук окутуучу (илимий даражасы бар же PhD философия доктору) | 800 | 700 | 1500 |
| 4 | Улук окутуучу (илимий даражасы жок) | 850 | 650 | 1500 |
| 5 | Окутуучу (илимий даражасы жок) | 850 | 650 | 1500 |
| 6 | Окутуучу-ассистент | 850 | 650 | 1500 |
| 7 | Окутуучу (орто кесиптик билим берүү) | 720 | 780 | 1500 |

**Эскертүү:** *Кесиптик орто билим берүү программаларында (колледжде) иштеген окутуучунун 1,0 ставкасы 720 саатка барабар жана 720 сааттан ашкан окуу жүктөмү кошумча ставка катары эсептелет.*

1.12. Административдик жана педагогикалык ишти натыйжалуу айкалыштыруу максатында кызмат орундарын айкалыштыруунун жол берилген ченемдери төмөнкүдөй белгиленет:

- административдик-башкаруу персоналына, окуу-көмөкчү персоналга - 0,5 ставкага чейин;
- толук (1,0) ставкада иштеген профессордук-окутуучулук курам - 0,5

ставкага чейин;
- айкалыштырып иштеген профессордук-окутуучулук курам (тышкы айкалыштыруу) - 0,5 ставкага чейин;
- Сааттык төлөмү 240 сааттан ашык эмес.

## 2. Окуу процессин уюштуруудагы негизги бирдиктер

2.1. Окуу пландарындагы окуу иштеринин бардык түрлөрүнүн эмгек сыйымдуулугу кредиттер менен белгиленет. 1 кредит 30 академиялык саатка барабар деп кабыл алынат.
2.2. Академиялык сааттын узактыгы - 45 мүнөткө белгиленет. Окуу жылында теориялык окутуу 32-36 жуманы түзөт. Окуу семестри 16-18 жумадан турат.
2.3. Программалардын эмгек сыйымдуулугу орто кесиптик билим берүү үчүн -120-210 кредит, бакалавр үчүн -240 кредит, магистрлер үчүн -120 кредит, phd докторантура үчүн -180, адистерди даярдоо программалары 300 кредитке эсептелет. Бир академиялык жыл ичинде 60 кредит толук окуу жүктөмүнө туура келет.
2.4. Окуу планына кирген ар бир дисциплинага "дене тарбия" жана "аскердик-медициналык даярдык" сабактарынан тышкары кредиттер берилет.

Ишке ашырылып жаткан билим берүү программалары боюнча колдонуудагы окуу пландарынын алкагында ар бир киргизилген окуу дисциплинасы өз алдынча иштөөнү болжолдойт.
2.5. Лекциялык сааттар агымга жараша эсептелет, сабактар курстун бардык студенттерин камтышы керек (багыттар/адистиктер). Курсту агымдарга бөлүүдө билим берүү программаларынын эрежесине ылайык жана студенттердин саны 100 -150 адамдан ашканда гана жол берилет. Бирдей сааттагы, бирдей мазмундагы дисциплиналар үчүн бир нече курстарды же топторду лекция жана практикалык сабактарга бир агымга бириктирүүгө болот.
2.6. Практикалык, семинардык жана башка сабактардын сааттарын эсептөөдө негизги окуу бирдиги академиялык топ болуп саналат (студенттердин окутуучуларын тандоонун натыйжалары боюнча). Мамлекеттик каржылоодо 1-2-курстагы академиялык топ кабыл алуу планы менен аныкталат, 3-6-курстагы академиялык топтун саны каржылоонун бөлүнгөн көлөмүнүн чегинде пландык-финансылоо бөлүмү жана ректорат тарабынан белгиленет.
2.7. Контракттык каражаттардын эсебинен окутууда академиялык топтун саны университет тарабынан өз алдынча белгиленет, эреже катары 1 тайпада (группада) - 1 курстарда 25 студенттен кем эмес, жогорку курстарда 20 студенттен кем эмес болот. Кыргыз, орус, чет тилдери жана лабораториялык сабактар боюнча сабактар үчүн окуу жүктөмүн аныктоодо 1 тайпа эки тайпачаларга (подгруппаларга – чакан тайпаларга) бөлүнөт, 1 тайпачада 12-15 студент болот. Лабораториялык сабактар да тайпачаларда өтүлөт.

## 3. Окутуучунун окуу иштери боюнча окуу жүгүн пландоо нормалары

| № | Иштин түрү | Убакыт өлчөмү | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Лекция окуу | 1 лекциялык агымга 1 академиялык саат пландалат | 1 академиялык саат 45 мүнөткө барабар |
| 2 | Практика жана семинардык сабактар | 1 тайпага 1 академиялык саат пландалат | 1 жуп сабак уюштурганга уруксат берилет (2 академ. саатка барабар, б.а. 90 минут) |
| 3 | Лабораториялык сабактар | 1 тайпачага 1 академиялык саат пландалат | 1 жуп сабак уюштурганга уруксат берилет (2 академ. саатка барабар, б.а. 90 минут) |
| 4 | Окуунун бардык формалары (күндүзгү, кечки, сырттан,) студенттер/магис-транттар үчүн учурдук/аралык/ жыйынтык текшерүүлөр | 1 тайпа үчүн: лекторго – 7 саат, пр. сабак өткөн окутуучуга – 5 саат | 1 студент үчүн 0,5 саат, 1 тайпа үчүн 12 саат |
| | | 1 тайпача үчүн: лекторго – 3,5 саат, пр. сабак өткөн окутуучуга – 2,5 саат | 1 студент үчүн 0,5 саат, 1 тайпача үчүн 6 саат |
| 6 | Тайпалык консультациялар | Экзамени бар дисциплинага 1 тайпага 2 саат | |
| 7 | Обзордук лекциялар | 1 экзаменге 12 сааттан көп эмес | МАКка тиешелүү дисциплиналар үчүн |
| 8 | Дипломдук иштерге (специалитет) жетекчилик жана рецензирлөө | Ар бир дипломдук ишке – 30 саат (педагогик. адистиктер үчүн) | Жетекчиге–28 саат, рецензентке – 2 саат |
| | | Дипломдук иштерге жетекчилик кылуу | |
| | | Профессорлорго, илимдин докторлоруна | 6 студентке чейин |
| | | Доценттерге, илимдин кандидаттарына | 4 студентке чейин |
| | | Улук окут. (илим менен иштеген) | 2 студентке чейин |
| 11 | Бүтүрүү квалификациялык иштерге жетекчилик жана рецензирлөө (адистиктер, бакалаврлар үчүн) | Ар бир бүтүрүү квалификациялык ишине – 20 саат (педагогикалык эмес адистиктер үчүн). | Жетекчиге – 18 саат, рецензентке – 2 саат. |
| | | Бүтүрүү квалиф. ишине жетекчилик кылуу | |
| | | Профессорлорго, илимдин докторлоруна | 9 студентке чейин |
| | | Доценттерге, илимдин кандидаттарына | 7 студентке чейин |
| | | Улук окут. (илим менен иштеген) | 4 студентке чейин |
| | | Окутуучуларга (илим менен иштеген) | 2 студентке чейин |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 12 | Дипломдук долбоорлорго (проекттерге) жетекчилик жана рецензирлөө | Ар бир дипломдук долбоорго – 30 саат | Жетекчиге–28 саат, рецензентке – 2 саат |
| | | Дипломдук долбоорго жетекчилик кылуу | |
| | | Профессорлорго, илимдин докторлоруна | 7 студентке чейин |
| | | Доценттерге, илимдин кандидаттарына | 5 студентке чейин |
| | | Улук окут. (илим менен иштеген) | 3 студентке чейин |
| | | Окутуучуларга (илим менен иштеген) | 2 студентке чейин |
| 13 | Бүтүрүү курстарындагы мамлекеттик экзамендер | МАКтын төрагасына (төрайымына) жана экспертке тапшырып жаткан ар бир студент үчүн 30 минутадан пландалат | МАКтын төрагасына (төрайымына) жана экспертке күнүнө 6 сааттан ашык эмес |
| 14 | Аспиранттын (докт.), изденүүчүнүн жетекчисине | 1 аспирантка (докт.) – 50 саат,<br>1 изденүүчүгө – 25 саат | Жетекчиси, темасы бекитилип, буйрук берилген болсо |

| № | Иштин түрү | Убакыт өлчөмү | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 15 | **Педагогикалык практика** | Күнүнө ар бир тайпачага жетекчилик үчүн 6 саат | 1 студентке 1 жумага жетекчилик үчүн 3 саат |

| Жетекчилер | | 1 жума | 6 жума | 7 жума |
|---|---|---|---|---|
| ЖОЖдогу жетекчилерге (1 студ. бөлүн. жалпы саат) | | 3 саат | 18 саат | 21 саат |
| 1) | Методист-окутуучуга | 2,3 саат | 14 саат | 16 саат |
| 2) | Педагог-окутуучуга | 0,5 саат | 3 саат | 3,5 саат |
| 3) | Психолог-окутуучуга | 0,2 саат | 1 саат | 1,5 саат |
| Мектептеги жетекчилерге (1 студ. бөлүн. жалпы саат) | | 1,5 саат | 9 саат | 10,5 саат |
| 1) | Предметтик-мугалимге | 1 саат | 6 саат | 7 саат |
| 2) | Класс жетекчиге | 0,25 саат | 1,5 саат | 2 саат |
| 3) | Тарбия ишин уюшт. | 0,08 саат | 0,5 саат | 0,5 саат |
| 4) | Окуу завучуна | 0,08 саат | 0,5 саат | 0,5 саат |
| 3) | Мект. директоруна | 0,08 саат | 0,5 саат | 0,5 саат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 16 | **Талаа практикасы** | Күнүнө ар бир тайпага жетекчилик үчүн 6 саат | 1 студентке 1 жумага жетекчилик үчүн 1,5 саат. |

| Жетекчилер | | 1 жума | 2 жума | 4 жума | 6 жума | 7 жума |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 студ. бөлүн. жалпы саат | | 1,5 саат | 3 саат | 6 саат | 9 саат | 10,5 саат |
| 1) | ЖОЖдогу жетекчиге | 0,75 саат | 1,5 саат | 3 саат | 4,5саат | 5,5 саат |
| 2) | Өндүрүштөгү жетекчиге | 0,75 саат | 1,5 саат | 3 саат | 4,5саат | 5 саат |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 17 | **Өндүрүштүк практика** | Күнүнө ар бир тайпага жетекчилик үчүн 6 саат | | 1 студентке 1 жумага жетекчилик үчүн 1,5 саат |
| Жетекчилер | | 2 жума | 4 жума | 6 жума |
| 1 студ. бөлүн. жалпы саат | | 3 саат | 6 саат | 9 саат |
| 1) | ЖОЖдогу жетекчиге | 3 саат | 6 саат | 9 саат |
| 2) | Өндүрүштөгү жетекчиге | 3 саат | 6 саат | 9 саат |
| 18 | **Диплом алдындагы практика** | Күнүнө ар бир тайпага жетекчилик үчүн 3 саат | | 1 студентке 2 жумага жетекчилик үчүн 1,5 саат |
| Жетекчилерге | | 2 жума | 4 жума | 6 жума |
| 1) | ЖОЖдогу жетекчиге | 1,5 саат | 3 саат | 4,5 саат |
| 19 | **Таанышуу, фольклордук, музей ж.б. практикалары** | Күнүнө ар бир тайпага жетекчилик үчүн 3 саат | | 1 студентке 2 жумага жетекчилик үчүн 1,5 саат |
| Жетекчилерге | | 2 жума | 4 жума | 6 жума |
| 1 студ. бөлүн. жалпы саат | | 1,5 саат | 3 саат | 4,5 саат |
| 1) | ЖОЖдогу жетекчиге | 1 саат | 2 саат | 3 саат |
| 2) | Өндүрүшт.жетекчиге | 0,5 саат | 1 саат | 1,5 саат |

| № | Иштин түрү | Убакыт өлчөмү | Эскертүү | |
|---|---|---|---|---|
| 20 | **Магистрдик диссертацияларга жетекчилик жана рецензирлөө** | Ар бир магистрдик диссертацияга - 34 саат | Жетекчиге - 32 саат, рецензентке - 2 саат | |
| | | Магистрлердин диссертациялык ишт. жетекч. кылуу | | |
| | | Профессорлорго, илимдин докторлоруна | 6 магистрантка | |
| | | Доценттерге, илимдин кандидаттарына | 4 магистрантка | |
| **№** | **Иштин түрү** | **Убакыт өлчөмү** | **Эскертүү** | |
| 21 | **Магистранттардын илимий-педагогикалык практикасы** | Күнүнө ар бир тайпачага жетекчилик үчүн 6 саат | 1 магистрантка 1 жумага жетекчилик үчүн 3 саат | |
| Жетекчилер | | 1 жума | 6 жума | 7 жума |
| Жетекчилерге (1 магистрантка бөлүнг. жалпы саат) | | 3 саат | 18 саат | 21 саат |
| 1) | Методист-окутуучуга | 2,3 саат | 14 саат | 16 саат |
| 2) | Педагог-окутуучуга | 0,5 саат | 3 саат | 3,5 саат |
| 3) | Психолог-окутуучуга | 0,2 саат | 1 саат | 1,5 саат |
| 22 | **Магистранттардын өндүрүштүк практикасы** | Күнүнө ар бир тайпага жетекчилик үчүн 6 саат | 1 магистрантка 1 жумага жетекчилик үчүн 1,5 саат | |
| Жетекчилерге | | 2 жума | 4 жума | 6 жума |
| 1 магистрантка бөлүнгөн жалпы саат | | 3 саат | 6 саат | 9 саат |
| 23 | **Магистранттардын илимий-изилдөө практикасы** | Күнүнө ар бир тайпага жетекчилик үчүн 6 саат | 1 магистрантка 1 жумага жетекчилик үчүн 1,5 саат | |

| Жетекчилерге | 2 жума | 4 жума | 6 жума |
|---|---|---|---|
| 1 магистрантка бөлүнгөн жалпы саат | 3 саат | 6 саат | 9 саат |

| № | Иштин түрү | Убакыт өлчөмү | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 24 | **Магистрдик программанын жетекчисине** | Ар бир программага 30 саат | Программанын жетекчиси 2 тектеш магистрдик программага жетекчи боло алат |

**4. Окуу жүктөмдөрдү пландоо негиздери (эрежелери)**

**4.1.** Зачетту кабыл алуу лекторго пландаштырылат.

1-таблица

| Окуу жүк | Теория (лекция) | Практика (лаборатория) | ӨАИ | Экзамен | Жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| Убакыт | 4 саат | 3 саат | 2 саат | 3 саат | 12 саат |

***Эскертүү.*** Эгерде дисциплина боюнча практикалык (лабораториялык) сабакты башка окутуучу берсе, анда отчеттун жыйынтыгы төмөнкү таблица боюнча бөлүштүрүлөт:

2-таблица

| Окуу жүк | Теория (лекция) | Практика (лаборатория) | ӨАИ | Экзамен | Жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| Лекторго | 4 саат | - | - | 3 саат | 7 саат |
| Практ. окут. | - | 3 саат | 2 саат | - | 5 саат |

**4.2.** Экзаменди кабыл алуу лекторго пландаштырылат.

3-таблица

| Окуу жүк | Теория (лекция) | Практика (лаборатория) | ӨАИ | Экзамен | Жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| Убакыт | 4 саат | 3 саат | 2 саат | 3 саат | 12 саат |

***Эскертүү.*** Эгерде дисциплина боюнча практикалык (лабораториялык) сабакты башка окутуучу берсе, анда отчеттун жыйынтыгы төмөнкү таблица боюнча бөлүштүрүлөт:

4-таблица

| Окуу жүк | Теория (лекция) | Практика (лаборатория) | ӨАИ | Экзамен | Жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| Лекторго | 4 саат | - | - | 3 саат | 7 саат |
| Практ. окут. | - | 3 саат | 2 саат | - | 5саат |

***Эскертүү.*** Эгерде группадагы студенттердин саны 25 тен кем болсо, анда группанын статусу “тайпача” статусуна түшөт, б.а. зачет, экзамендер үчүн 6 саат пландалат:

5-таблица

| Окуу жүк | Теория (лекция) | Практика (лаборатория) | ӨАИ | Экзамен | Жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| Убакыт | 2 саат | 1,5 саат | 1 саат | 1,5 саат | 6саат |

## 5. Окуу жүктөмдөрдү пландоо жана бөлүштүрүү

| № | Кызматтын аталышы | Предметтин көлөмү (кредитке студенттин саны) | | | | | | | | Штаттык жадыбалды бекитүү үчүн окуу жүктөмүнүн болжолдуу орто көрсөткүчү (5 кредитке студенттин саны) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1 кред | 2 кред | 3 кред | 4 кред | 5 кред | 6 кред | 7 кред | 8 кред | |
| 1 | Профессор (илимий даражасы бар) | 625 | 313 | 208 | 156 | 125 | 104 | 89 | 78 | 212 |
| 2 | Профессор (илимий даражасы жок) | 625 | 313 | 208 | 156 | 125 | 104 | 89 | 78 | 212 |
| 3 | Доцент жана улук окутуучу (илимий даражасы бар же PhD философия доктору) | 667 | 333 | 222 | 167 | 133 | 111 | 95 | 83 | 226 |
| 4 | Улук окутуучу (илимий даражасы жок) | 708 | 354 | 236 | 177 | 142 | 118 | 101 | 89 | 241 |
| 5 | Окутуучу (илимий даражасы жок) | 708 | 354 | 236 | 177 | 142 | 118 | 101 | 89 | 241 |
| 6 | Окутуучу-ассистент | 708 | 354 | 236 | 177 | 142 | 118 | 101 | 89 | 241 |
| 7 | Окутуучу (орто кесиптик билим берүү) | 600 | 300 | 200 | 150 | 120 | 100 | 86 | 75 | 204 |

*5[1]. Окуу иштер үчүн тарифтик ставка (маяна) төмөндөгүлөргө белгиленет (2022-жылы кабыл алынган студенттерден баштап):*

### Мисал 1:

Математика жана маалыматтык технологиялар факультетинде окутуучу/ улук окутуучуларга (илимий даражасы жок) төмөнкү окуу жүктөмү:

| № | Предметтин аталышы | Окуу иштин көлөмү (саат) | Окуу иштин көлөмү (кредит) | Тандаган студент-тин саны | Лекция | Практикалык/лабораториялык иш/семинар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 40% | 60% |
| 1 | Финансылык математика | 30 | 30с/30с=1кр | 241 | 30с*40%=12с | 30с*60%*(241ст/25ст)=173,52с |
| 2 | Системалык анализ | 60 | 60с/30с=2кр | 241 | 60с*40%=24с | 60с*60%*(241ст/25ст)=347,04с |
| 3 | С++ программалоо тили | 90 | 90с/30с=3кр | 120 | 90с*40%=36с | 90с*60%*(120ст/25)=259,20с |
| **Бардыгы:** | | **180с** | **5 кр** | **602ст** | **72 саат** | **779 саат** |
| **Жыйынтыгы:** | | | | | **851,76 саат** | |

Окутуучу бир окуу жылга орто өлчөм менен 5 кредит жана 850 саат окуу жүктөм менен камсыз болуп, 1 ставка=28 кредитке окутуучу кызматына эмгек келишим түзүлөт.

### Мисал 2:

Факультеттер аралык кыргыз тили кафедрасынын окутуучу/ улук окутуучуларга (илмий даражасы жок) төмөнкү окуу жүктөмү:

| № | Предметтин аталышы | Окуу иштин көлөмү (саат) | Окуу иштин көлөмү (кредит) | Тандаган студент-тин саны | Лекция | Практикалык/лаборатори ялык иш/семинар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 0% | 100% |
| 1 | Кыргыз тили (юрфак) | 60 | 60с/30с=2кр | 65 | | 60с*100%*(65ст/15ст)=260с |
| 2 | Кыргыз тили (БиМ) | 60 | 60с/30с=2кр | 70 | | 60с*100%*(70ст/15ст)=280с |
| 3 | Кыргыз тили (МИТФ) | 60 | 60с/30с=2кр | 78 | | 60с*100%*(78ст/15ст)=312с |
| **Бардыгы:** | | **180с** | **6 кр** | **213ст** | **0 саат** | **852 саат** |
| **Жыйынтыгы:** | | | | | **852 саат** | |

Окутуучу бир окуу жылга орто өлчөм менен 6 кредит жана 850 саат окуу жүктөм менен камсыз болуп, 1 ставка=28 кредитке окутуучу кызматына эмгек келишим түзүлөт.

**Мисал 3:**

Искусство факультетинде окутуучунун/ улук окутуучуларга (окумуштуулук даражасы жок) төмөнкү окуу жүктөмү:

| № | Предметтин аталышы | Окуу иштин көлөмү (саат) | Окуу иштин көлөмү (кредит) | Тандаган студент-тин саны | Лекция | Практикалык/лаборатори ялык иш/семинар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 30% | 70% |
| 1 | Фортепиано | 60 | 60с/30с=2кр | 50 | 60с*30%=18с | 60с*70%*(50ст/8ст)=262,5с |
| 2 | Рояль | 60 | 60с/30с=2кр | 50 | 60с*30%=18с | 60с*70%*(50ст/8ст)=262,5с |
| 3 | Флейта | 60 | 60с/30с=2кр | 52 | 60с*30%=18с | 60с*70%*(52ст/8ст)=273с |
| **Бардыгы:** | | **180,00с** | **6,00кр** | **152,00ст** | **54,00с** | **798,00с** |
| **Жыйынтыгы:** | | | | | **852 саат** | |

Окутуучу бир окуу жылга орто өлчөм менен 6 кредит жана 850 саат окуу жүктөм менен камсыз болуп, 1 ставка=28 кредитке окутуучу кызматына эмгек келишим түзүлөт.

**Мисал 4:**

Факультеттер аралык жогорку математика кафедрасынын окутуучунун/ улук окутуучуларга (окумуштуулук даражасы жок) төмөнкү окуу жүктөмү:

| № | Предметтин аталышы | Окуу иштин көлөмү (саат) | Окуу иштин көлөмү (кредит) | Тандаган студент-тин саны | Лекция | Практикалык/лаборатори ялык иш/семинар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 40% | 60% |
| 1 | Математика (медфак) | 30 | 30с/30с=1кр | 168 | 30с*40%=12с | 30с*60%*(168ст/25ст)=121с |
| 2 | Математика (бим) | 30 | 30с/30с=1кр | 168 | 30с*40%=12с | 30с*60%*(168ст/25ст)=121с |
| 3 | Математика (юрфак) | 30 | 30с/30с=1кр | 168 | 30с*40%=12с | 30с*60%*(168ст/25ст)=121с |
| 4 | Математика (педфак) | 30 | 30с/30с=1кр | 210 | 30с*40%=12с | 30с*60%*(210ст/25ст)=151с |
| **Бардыгы:** | | **120с** | **4 кр** | **714ст** | **46 саат** | **514 саат** |
| **Жыйынтыгы:** | | | | | **562 саат** | |

Окутуучу бир окуу жылга орто өлчөм менен 4 кредит жана 562 саат окуу жүктөм менен камсыз болуп, 0,66 ставка=18,52 кредитке окутуучу кызматына эмгек келишим түзүлөт.

**Мисал 5:**

Орус филологиясы факультеттин доцентинин төмөнкү окуу жүктөмү:

| № | Предметтин аталышы | Окуу иштин көлөмү (саат) | Окуу иштин көлөмү (кредит) | Тандаган студент-тин саны | Лекция | Практикалык/лабораториялык иш/семинар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 40% | 60% |
| 1 | Информационные технологии в гуманитарном образовании (баклавр) | 30 | 30с/30с=1кр | 165 | 30с*40%=12с | 30с*60%*(165ст/25ст)=118,8 с |
| 2 | Перевод и переводоведение (бакалвар) | 45 | 45с/30с=1,5 кр | 165 | 45с*40%=18с | 45с*60%*(165ст/25ст)=178,2 с |
| 3 | История всемирной литературы (бакалавр) | 60 | 60с/30с=2кр | 166 | 60с*40%=24с | 60с*60%*(166ст/25ст)=239,04с |
| 4 | Информационные технологии в гуманитарном образовании (магистр) | 30 | 30с/30с=1кр | 26 | 30с*40%=12с | 30с*60%*(26ст/25ст)=18,72с |
| 5 | Перевод и переводоведение (магистр) | 45 | 45с/30с=1,5 кр | 26 | 40с*40%=18с | 45с*60%*(26ст/25ст)=28,8с |
| 6 | История всемирной литературы (магистр) | 60 | 60с/30с=2кр | 26 | 60с*40%=26с | 60с*60%*(26ст/25ст)=37,44с |
| 7 | Руководство выпускной квалификационной работы (бакалавр) | 18 | 18с/30с=0,6 кр | 4 | 18с*0%=0с | 18с*100%*(4ст/1ст)=72с |
| **Бардыгы:** | | **288** | **9,6 кр** | **578** | **108 саат** | **692 саат** |
| **Жыйынтыгы:** | | | | | **800 саат** | |

Окутуучу бир окуу жылга орто өлчөм менен 9,6 кредит жана 800 саат окуу жүктөм менен камсыз болуп, 1 ставка=27 кредитке доцент кызматына эмгек келишим түзүлөт.

**Мисал 6:**

Медицина факультеттин профессорунун төмөнкү окуу жүктөмү:

| № | Предметтин аталышы | Окуу иштин көлөмү (саат) | Окуу иштин көлөмү (кредит) | Тандаган студент-тин саны | Лекция | Практикалык/лабораториялык иш/семинар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 40% | 60% |
| 1 | Нормальная и клиническая анатомия | 75 | 75с/30с=2,5 кр | 50,00 | 75с*40%=30с | 75с*60%*(50ст/15ст)=150с |
| 2 | Гистология, эмбриология и цитология | 60 | 60с/30с=2кр | 50,00 | 60с*40%=24с | 45с*60%*(50ст/15ст)=120с |
| 3 | Микробиология, вирусология и иммунология | 45 | 45с/30с=1,5 кр | 50,00 | 45с*40%=18с | 60с*60%*(50ст/15ст)=90с |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 4 | Внутренние болезни 1 (бакалавр) | 75 | 75с/30с=2,5 кр | 30,00 | 75с*40%=30с | 30с*60%*(30ст/15ст)=90с |
| 5 | Руководство аспирантами | 50 | 50с/30с=1,67кр | 4,00 | 50с*0%=0с | 50с*100%*(4ст/1ст)=200с |
| **Бардыгы:** | | **305,00с** | **10,17к** | **184,00ст** | **102,00с** | **650,00с** |
| **Жыйынтыгы:** | | | | | **752 саат** | |

Окутуучу бир окуу жылга орто өлчөм менен 10,17 кредит жана 750 саат окуу жүктөм менен камсыз болуп, 1 ставка=25 кредитке профессор кызматына эмгек келишим түзүлөт.

**Мисал 7:**

Кыргыз филологиясы факультеттин улук окутуучунун (окумуштуулук даражасы же PhD философия докторлугу бар) төмөнкү окуу жүктөмү:

| **№** | **Предметтин аталышы** | **Окуу иштин көлөмү (саат)** | **Окуу иштин көлөмү (кредит)** | **Тандаган студент-тин саны** | **Лекция** | **Практикалык/лабораториялык иш/семинар** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 40% | 60% |
| 1 | Кыргыз адабияты практикум | 90 | 90с/30с=3кр | 60 | 90с*0%=0с | 90с*100%*(60ст/25ст)=216с |
| 2 | Кыргыз кесиптик адабияты (1918-1959) | 105 | 105с/30с=3,5кр | 100 | 105с*40%=42с | 105с*60%*(100ст/25ст)=420с |
| 3 | Лексикология | 60 | 60с/30с=2кр | 44 | 60с*40%=18с | 60с*60%*(44ст/25ст)=105,6с |
| **Бардыгы:** | | **255с** | **8,5 кр** | **204ст** | **60 саат** | **741,6 саат** |
| **Жыйынтыгы:** | | | | | **801,6 саат** | |

Окутуучу бир окуу жылга орто өлчөм менен 8,5 кредит жана 800 саат окуу жүктөм менен камсыз болуп, 1 ставка=27 кредитке улук окутуучу кызматына эмгек келишим түзүлөт.

**Мисал 8:**

Медицина колледжинин окутуучунун төмөнкү окуу жүктөмү:

| **№** | **Предметтин аталышы** | **Окуу иштин көлөмү (саат)** | **Окуу иштин көлөмү (кредит)** | **Тандаган студент-тин саны** | **Лекция** | **Практикалык/лабораториялык иш/семинар** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 40% | 60% |
| 1 | Анатомия и физиология человека с основами общей патологии 1 | 75 | 75с/30с=2,5 кр | 60 | 75с*40%=30с | 75с*100%*(60ст/25ст)=180с |
| 2 | Фармакология 1 | 90 | 90с/30с=3кр | 90 | 90с*40%=36с | 90с*60%*(90ст/25ст)=324с |
| 3 | Основы сестринского дела 1 | 90 | 90с/30с=3кр | 35 | 90с*40%=27с | 90с*60%*(35ст/25ст)=126с |
| **Бардыгы:** | | **255с** | **8,5 кр** | **185ст** | **93 саат** | **630 саат** |
| **Жыйынтыгы:** | | | | | **723 саат** | |

***Эскертүү:*** *Окутуучу бир окуу жылга орто өлчөм менен 8,5 кредит жана 720 саат окуу жүктөм менен камсыз болуп, 1 ставка=24 кредитке окутуучу кызматына эмгек келишим түзүлөт.*

**Окуу жүктөмдөрдү пландоодо төмөнкү критерийлерди эске алуу керек[1]:**

- Окуу жүктөмдөр окутуунун формасына карабастан (күндүзгү, сырттан, кечки) жарым жылдыктарга бирдей бөлүштүрүлүшү керек (1-жарым жылдыкта аз, экинчи жарым жылдыкта көп болбош керек).
- Ар бир окутуучунун сырттан окуу бөлүмүндөгү окуу жүктөмү жалпы окуу жүктөмүнүн 30% нан ашып кетпеш керек.
- Лекциялык окуу жүктөм профессорлорго жана доценттерге пландаштырылышы керек. Өзгөчө учурларда, кафедра башчысынын сунуштамасы менен лекцияларды илимий даражасы жана наамы жок,бирок 7 жылдан кем эмес эмгек стажы бар жогорку квалификациялуу адистерге жана улук окутуучуларга пландыштырууга уруксат берилет.
- **Лекциялык окуу жүктөмдөр:**

– Профессор үчүн - жалпы жүктөмдүн 35% нан кем болбош керек;
– Улук окутуучу үчүн - жалпы жүктөмдүн 25% нан кем болбош керек;
– Доцент үчүн - жалпы жүктөмдүн 30% нан кем болбош керек.

- Профессорлордун жана доценттердин лекциялык окуу жүктөмдөрүнө бакалавриат, магистратура баскычтарындагы жана специалитеттеги лекциялык сабактар кирет.
- Кафедранын сааттык фонду 500 сааттан ашып кетпеши керек. Бул сааттар мамлекеттик аттестациялык комиссиянын төрагаларына (төрайымдарына) жана эксперттерге пландалышы керек. Айрым учурда өндүрүштөн чакырылган жогорку квалификациялуу адистер үчүн да пландоого болот.
- Сааттык төлөм боюнча иштеген окутуучунун окуу жүктөмү 240 сааттан ашпаш керек. Сааттык төлөм боюнча иштеген окутуучуну ишке алуу, эреже катарында, окуу жылынын башында же жайкы семестрдин башталышында гана аткарылат.
- Кафедралардардын штаттарын бекитүүдө окутуучулук-профессордуккурамга болгон лицензиялык талаптардын аткарылуусу зарыл.

Окутуучунун калган окуу-усулдук, илимий-усулдук, уюштуруу-тарбиялык жана илимий-изилдөө иштери боюнча окуу жүгү ар бир окутуучу тарабынан өздөрүнүн индивидуалдык пландарында кошумча пландыштырып белгиленет жана аткарылат.

[1]Айрым бир өзгөчө учурларда (студенттердин контингенти көп, ж.б.) кафедра башчысынын сунуштамасы менен индивидуалдуу буйруктун негизинде окуу жүктөмдөрдүн критерийлерин өзгөртүп пландыштырууга уруксат берилет.